Силер кандай жерлерди көргүңөр келет? Көргөн, саякатка чыккан жериңер жөнүндө аңгемелеп бергиле.

**152.** Текстти окуп, түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.

## СУЛАЙМАН ТООСУ

Акбуура суусунун сол жээгинде, шаардын ортосунда Сулайман toocy жайгашкан. Ал Өзгөн хандыгынын вазири Султан Мази-Сулаймандын ысмынан аталган. Анын бийиктиги - 160 метр. Чокусунда Бабурдун кичинекей ак үйү турган. Ал азыр кайра тургузулду.

Бул тоодон Сулайман пайгамбардын тактысы табылгандыктан, бул жер ыйык деп жарыяланган. Буга динге ишенгендер сыйынып турган.

Азыр Сулайман тоосу - шаардыктардын эс алуучу жайы. Тоонун чокусунда шаарга көз чаптыруучу атайын жай курулду. Ал жерден шаар даана көрүнөт. Тоого атайын жасалган тепкичтер менен чыгат. Түштүк капталындагы үңкүрдө Ош тарых музейинин бөлүмү ачылды.

- *тактысы табылгандыктан* - так как был найден трон
*ыйык деп жарыяланган* - был объявлен священным
*көз чаптыруучу жай курулду* - был построен наблюдательный пост

**153.** Текстти окуп, которгула. Түшүнгөнүңөрдү орус тилинде айтып бергиле.

## ПИШПЕК
(Уламыш)

Кыргыз Республикасынын борбору Бишкек шаарынын эски аты - Пишпек. Ал "Пишпек" дегендин мааниси мындай:

Революциядан мурда бул жер жапайы токой болгон. Айланасында эл эң аз жашаган. Кокон хандыгы кыргыз элин ого бетер кулчулукка айлантып, караңгылыкта кармаган. Жаңы үйлөр, курулуштар салынган эмес. Ошол заманда бир Бишбек аттуу кедей кыргыз жашаган. Аны азыркы карыялар: "Ал Бишбек деген киши ушул эле жоочалыштык болчу" - деп коюшат.

Ал Бишбек деген киши кыйын уста экен, кыргыздарга керек болгон ар нерсени жасай билүүчү. Бир күнү калың элдин



Кетментөбө жана Фергана **өрөөндөрүн** аралап, кууш **капчыгайлар** аркылуу албууттанып, аскадан-аскага урунуп, зооканы жаңырта үн салып агып жатат. Анын ири куймалары - Кичинарын, Онарча, Атбашы, Алабука, Көкөмерен.

Нарын суусу өзүнүн салыштырма гидроэнергетикалык **кубаттуулугу** боюнча Волга, Ангара, Днепр, Иртыш **дарыяларынан** ашып кетет.

## § 23. Текст боюнча иштөө

**115.** Текстти окуп, которгула, түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.

## ЧЕБЕР КУРУУЧУЛАР

Жаратылышта абдан чебер куруучулардын бири - куштар. Алар жасаган уялар ар түрдүү, ал эми «үй» куруу ишинде колдонгон «аспаптары» - тумшугу, буту, кээде канаты.

Салаңдап илинип турган уялар өзгөчө бир укмуш жасалат. Биздин өлкөбүздөгү көлдөрдүн жана дарыялардын жээктеринде куркулдай жашайт. Анын уясы суунун үстүндө салаңдаган баштык түрүндө болуп, уяга кирүүчү оозу чорго сыяктуу жасалган. Уяны эркеги жана ургаачысы биргелешип, өсүмдүктөрдүн - талдын, теректин, бай-теректин, жекендин булаларынан жасашат.

Куркулдай уясын чалкандын, кендирдин же талдын кабыгынын бышык булалары менен асып коёт. Куркулдай жасаган уянын бекемдигине, анын бир нече жыл сакталып турушу эле ачык далил боло алат.

Узун куйрук көк чымчык өзүнүн уясын суунун үстүндө салаңдатып илип койбогону менен, аны куркулдайдыкындай жасайт.

Камышчыга уя салуу оңойго турбайт: адатта уя камыштын үч сабагында илинип турат. Бул канаттуу адегенде катар өсүп турган камыштарды издеп табат. Ал камыштын бирине керектүү бийиктикте чалкандын була жибин байлап, буланы кезеги менен башка камыштарга чалып оройт да, учун кайра биринчиге бекитет.

Тоңкулдактардын бардыгы - нукта «жыгач усталар», алар өздөрүнүн уяларын ичи чирип бараткан дарактардын сөңгөгүн оюп жасашат.

- *чебер* - искусный, умелый
*салаңдап илинип турган* — подвешенный, висячий
*баштык түрүндө* - в виде мешочка

тундрадан тартып, тайгага чейин арча токойлору созулуп жатат.

Арча токойлорунун экономикалык, социалдык мааниси зор. Жыл сайын жыйналган бир нече жүздөгөн миллион кубометр карагай жыгачтары, көптөгөн өнөр жай, айылчарба тармактары үчүн сырье катары пайдаланылат. Айылчарбасында арчанын карагайларынан гана эмес ичке бутактарындагы ийне жалбырактарынан дагы малдын жана канаттуулардын жемине кошуп берүүчү витамин ундарын даярдашат. Ал түгүл арчанын кабыктарынан да ар кандай заттар иштелип чыгат. Арчадан жогорку сапаттагы кагаз жана целлюлоза, курулуш материалдары, музыкалык инструменттер жасалат.

Айылчарбасына көп өлчөмдөгү кирешени айрыкча тоолуу аймактардагы арчалар киргизүүдө.

### Тексттер тобу

**148.** Уламышты окуп, маанисине түшүнгүлө. Сан атоочторду үлгү боюнча талдагыла.

### КЫЗАРТ АШУУСУНУН СЫРЫ

Илгерки заманда жайдын толук кезинде кырк кыз ушул Кызарттан ашып, аркы жагындагы айылга тойго барган. Алар кайра бери карай келе жатканда, ашууга кар жаап, бороон болот. Ошондон отуз тогуз кыз өлүп, ичинен бир жетим кыз аман калат. Ошол жердин тегерегиндеги элдин тукуму ошол кыздан көбөйүптүр. Ашуунун аты ошондон Кызарт болуп калыптыр.

● *Кызарт ашуусунун сыры* - тайна перевала Кызарт
*кайра бери карай келе жатканда* — когда возвращались назад
*жетим кыз аман калат*— спаслась девушка-сирота
*элдин тукуму ошол кыздан көбөйүптүр* - с нее начался род кыргызов

Үлгү: 1. Кырк - сан атооч;
Канча кыз? Кырк кыз - заттын санын билдирди.
2. Баштапкы формасы - кырк;
туруктуу белгилери - жөнөкөй эсептик сан атооч.

**149. а)** Көнүгүүнү көчүрүп жазып, сан атоочторго морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

1. Биринчи "Алиппеден", биринчи гезиттен баштап кагазга түшүрүлүп, кеңири колдонулган кыргыз тили азыр сексенден ашык дүйнөлүк тилдерге которулган Чыңгыз Айтматовдун



## § 24. Бир сөз ичинде үнсүздөрдүн каткалаңдашып айтылышы (Оглушение)

| | |
|---|---|
| **Бир сөз ичинде каткалаң үнсүздөрдүн таасиринде жумшак үнсүздөрдүн каткалаңга айланышын *каткалаңдашуу* дейбиз.** | **Звонкий согласный может заменяться парным ему глухим перед глухим согласным. Этот фонетический процесс называется *оглушением*.** |

*Мисалы:*

| *Жазылышы:* | *Айтылышы:* |
|---|---|
| тузсуз | туссуз |
| жүз сом | жүс сом |
| бизче | бисче |
| жооп бер | жооппер |
| бат бас | батпас |
| таап бер | таапер |
| вокзал | воксал |

**119.** Кашаанын ичиндеги тамгалардын кайсынысы жазыла тургандыгын айтып бергиле.

жү(з-с) сом, жоо(п-б) бер, вок(з-с)ал, би(з-с)че, бат (б-п)ас, ту(з-с)суз, кон(ф-п)ет, мор(ф-п)ология, паро(в-б)оз, порт(ф-п)ель, справ(ф-в)ка, ча(ш-ч)туу, кыргы(з-с)ча, ору(з-с)ча, неми(з-с)че, англи(з-с)че.

**120.** Текстти окугула. Кашаага алынган сөздөрдү кашаадан чыгарып, которуп жазгыла. Айтылышы менен жазылышындагы айырмасын айтып бергиле.

1. Аларга (сильный) жана бирдиктүү жаңырык үнү жооп берди *(М. Г.)*. 2. От (погас). 3. Самолет саат (в три) (полетел). 4. Саша жат жазууну жакшы (напишет), (обязательно) жакшы баа алат. Бирок жаан (как раньше) эле шатыратып куюп турат *(К. В.)*.

Үлгү: Аларга күчтүү жана бирдиктүү жаңырык үнү жооп берди.

| *Жазылышы:* | *Айтылышы:* |
|---|---|
| күчтүү | күштүү |

Отуз үч жолу кайталап.
Порошоктор, шампундар,
Тиш пастанын түрлөрү жөнүндө
Отуз бир жолу.
Арактар жана
Американын "Мальборо" сигарети жөнүндө
Он беш жолу.
Кейипкерлери өзгөчө мыкаачылык менен
Бирин-бири кыйнаган жана өлтүргөн
Коркунучтуу фильмдер жана триллерлер жөнүндө
Он эки жолу.
Бирок, кайрымдуулукту, сылыктыкты,
Жана жакшылыкты сунуш кылган,
Адамдарды бириктирүүчү,
Бүгүнкү күндө абадай эле зарыл болгон
Рекламанын бирин да көрсөтпөдү.
Татыктуу тарбиянын,
Табылгыс күчүн
Ким коргой алат?
Акылмандар окуткан эмеспи:
Башкалардын оопайлыгын
Түшүнүп жана баалай билүү үчүн,
Алардын кайсы бир сапаттары,
Сенин өзүңдө
Болушу керек!

*М. Шаханов*
*Которгон М. Өмүрзаков*

**147.** Төмөнкү сөздөрдү кыргыз тилине которуп, маанисин түшүндүргүлө. Аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө. Ал сөздөрдүн антонимин, синонимин тапкыла.

Милосердие, галантность, благородство.

## § 30. Чейректик кайталоо

*Окуучулардын билим деңгээлин текшерүү.*

1. Текшерүү иши (оозеки, жазуу).
2. Тест.
3. Чыгармачылык диктант, эркин, терме, сөздүк диктант, текшерүү диктанты, жат жазуу.



б. фильмдерде тартылган. Таланттуу актердун чыгармачыл эмгеги жогору бааланып, Ленин ордени жана башка орден, медалдар менен сыйланган.

М. Рыскулов 1974-жылы 1-февралда дүйнөдөн кайткан. Ысымы Бишкек шаарындагы көчөгө жана Нарын облустук музыкалуу драмтеатрына берилген.

- *табигый таланты* - его природный талант
*сахналык чеберчилигин өөрчүттү* - развил сценическое мастерство
*дүйнө жүзүнө таанытkan* - прославил на весь мир

**123.** Айтылыштарды пайдаланып, көргөн киноңор жөнүндө аңгемелеп бергиле.

- Жүрү (жүрүңүз), киного барабыз.
- Бүгүн кайсы кино экен?
- Мен ... болсо көрөт элем.
*(детектив, кинокомедия, кинохроника, мультфильм)*
- Ал фильм кайсы кинотеатрда экен?
- Ал кинотеатрга кантип барууга болот?
- ... качан башталат?
*(күндүзгү сеансы, кечки сеансы, кийинки (акыркы) сеансы)*
- Белеттерди алдын-ала сатуу кассасы качан ачылат?
- Эртеңки сеанска мага эки белет берип коюңузчу.
- Белет канча турат?
- Орун... болсо болот эле.
*(жакыныраак, алысыраак, залдын ортосунда, ... катарда)*
- Бул фильмдин режиссеру ким экен?
- ... ким жазыптыр?
*(сценарийин, фильмдин музыкасын)*
- Оператору ким?
- Бул фильмде кимдер ойнойт экен?
- Бул кино кайсы студияда тартылыптыр?
- Бул фильм түстүүбү же жөнөкөй эле бекен?
- Сага кандай фильмдер жагат?
- Мага ... фильмдер жагат.
*(комедиялуу, укмуш окуялуу)*

## § 29. Көнүгүү, машыгуу

**141.** Жаңылмачы окуп, тилиңерди жатыктыргыла. Жаттап алгыла.

Кара балапан,
Карап алакан.
Карды кампайсын
Кана балапан.

Таруу, күрүчкө
Толсун алакан.

Топ-топ чокулап
Тойсун балапан.

Алаканга балапан,
Балапанга алакан
Кенен-кесир талаадай
Көрүнгөнүн карасаң.

**142.** Текстти окугула. Которгула. Түшүнүгүңөрдү кыргыз тилинде айтып бергиле. Сын атооч сөздөрдүн астын сызгыла.

### БИШКЕК ДЕГЕН КИМ БОЛГОН?

Илгери-илгери Бишкек деген баатыр киши жашаптыр. Ал эрки күчтүү, эр жүрөк, балбан баатыр экен. Аны эли урматтап сыйлашкан.

Ал өмүрүнүн акырында дыйканчылык кылып жашаган. Бишкек өлөрүндө беш уулун чакырып алып:

- Балдарым! Менин сөөгүмдү Аламүдүн суусунун боюна, кара жолдун түндүк жагындагы дөбөгө койгула. Ал жерден жыл бою Анжыян, Ташкент тараптан Токмок менен Ысыккөлдү карай тынымсыз жүргөн жүргүнчүлөрдүн карааны мени жалгызсыратпайт. Колуңардан келсе күмбөз тургузгула, - деп керээзин айтат.

Балдары атасынын айтканын аткарышат.

Өткөндөр ал жерге токтоп, куран окушат. Соодагерлер кербен сарай салышып, чайкана ачышат. Ар улуттун өкүлдөрү отурукташат.

"Бишкекте түнөдүк, Бишкектен жөнөдүк" деп жүрүп, ал жер Бишкек деп аталып кетет. Ошентип, жылдан жыл өткөн сайын ал жер чоң шаарга айланат. Кийин ал шаар республиканын борбору болуп, Бишкек шаары деп аталып калат.

● *дөбөгө койгула* - похороните на холме
*жүргүнчүлөрдүн карааны* - поток путников
*керээзин айтып* - дав предсмертный наказ



Анткени мындай жерлер шамалдан ыктоо жана чөптүү келет.

● *эрибеген ак кар, көк муз* - нетающие снега и льды
*шамалдан ыктоо келет* - защищенные от ветра, непродуваемые ветром

**126.** Окугула. Мазмунун түшүнгүлө. Экинчи жана үчүнчү абзацтарынын зат атоочторуна морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

### ЖАМГЫР

Адамга, өсүмдүккө, малга жана башка жандыктарга жерден аккан суу кандай керек болсо, асмандан жааган жамгырдын суусу дал ошондой керек. Жамгыр чаң-тозоңду басат. Жайкы ысык абаны сергитет. Адамга жагымдуу шартты түзөт. Жамгырдын суусу жерге сиңип, жерди жумшартат. Өсүмдүктүн тамырына ным жеткирип, жер үстүн көгөртөт. Жамгыр жаап өткөндө чөп да, бак-дарак да өңүнө чыгат, жашарат. Көп жерлерде айдалган эгиндер жалаң гана колдон сугарылган суу менен жетилбейт. Жамгырдын суусу менен жетилген кайрак эгиндер бизде көп жерлерде айдалат. Суу чыкпаган же суу жетпеген жерлердеги чөл өсүмдүктөрү жамгырдын суусу менен жашайт, көгөрөт.

Тоолордогу түрлүү өсүмдүктөр - карагай, кайың, арчалар да жамгырдын суусу менен көгөрөт. Айрыкча, чөптөр көгөрүп калган кезде жамгырдын тез-тез жаап турушу өтө пайдалуу.

Жамгыр адамдын денсоолугуна да керек.

"Жамгыр болбой дан болбойт,
Тегирмен болбой нан болбойт", -

деген элдин макалы бар. Дыйкандар жамгырдын учурунда жаап турушун каалайт. Жамгыр эгинди оруп, бастырып, чөп чаап, жыйып жаткан мезгилде гана пайдасыз болот.

● *жерден аккан суу* - текущая по земле вода
*сергитет* – освежает
*жерге сиңип* - впитываясь в землю
*өңүнө чыгат, жашарат* - преображаются, омолаживаются

**27.** Баарлашууга үйрөнгүлө:

- Кыргызча кандай билесиң?
- Мен кыргызча ... .
*жакшы билем*

Үлгү: Ашык аткан азат, топ ойногон тозот, көп окуган озот (макал).

| *Айтылышы:* | *Жазылышы:* |
|---|---|
| ашыгаткан | ашык аткан |
| тобойногон | топ ойногон |
| көбокуган | көп окуган |

| | |
|---|---|
| **Эгер этиштин келер чагынын жак мүчөлөрү, аягы «к», «п» тыбыштары менен аяктаган этиш сөздөргө жалганса, «г», «б» тыбышына өтөт.** | **Если основа глагола оканчивается на «к», «п», то при сочетании с окончаниями будущего времени «к», «п» переходят в «г», «б».** |

*Мисалы:*

бак - багамын (буду ухаживать)
ук - угамын (буду слушать)
как - кагамын (стряхну)
жап - жабамын (закрою)
чап - чабамын (ударю)
тап - табамын (найду)

**138.** Таандык, жак мүчөлөрдү эсиңерге салгыла.

Менин кесибим, китебим, сабагым.
Сенин кесибиң, китебиң, сабагың.
Сиздин кесибиңиз, китебиңиз, сабагыңыз.
Анын кесиби, китеби, сабагы.
Биздин кесибибиз, китебибиз, сабагыбыз.
Силердин кесибиңер, китебиңер, сабагыңар.
Сиздердин кесибиңиздер, китебиңиздер, сабагыңыздар.
Алардын кесиби, китеби, сабагы

**139.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү тамганы койгула. Пайда болгон жаңы сөздөргө таандык мүчөлөрдү улап, жактагыла.

эмге..., эрме..., эши.., көпөлө..., мекте..., ките..., то..., тама..., ке...

Үлгү: эмгек

| | |
|---|---|
| *1-жак* менин эмгегим | биздин эмгегибиз |
| *2-жак* сенин эмгегиң | силердин эмгегиңер |
| *3-жак* анын эмгеги | алардын эмгеги |

Төмөнкү сөздөргө ылайыгына жараша мүчөлөрдү жалгап, каткалаң **к**, **п** тыбыштарынын **г**, **б** тыбыштарына өтүшүн көрсөтүүчү сүйлөмдөрдү



*Мисалы:* **"к"**тыбышы менен **"г"** тыбышын салыштырып окугула.

| *Жазылышы:* | *Айтылышы:* |
|---|---|
| кыш келди | кышгелди |
| жаз келди | жазгелди |
| жай келди | жайгелди |
| күз келди | күзгелди |
| топ ойно | тобойно |
| ак улак | агулак |
| бек отур | беготур |
| сатып ал | сатыбал |
| ар кандай | аргандай |
| ала кач | алагач |
| кара куш | карагуш |

**128.** Тексттеги кашаага алынган сөздөрдү андан чыгарып, тууралап көчүргүлө. Ушул сөздөрдөгү **к, б** тыбыштарынын айтылышы менен жазылышындагы айырмачылыктарын көрсөткүлө.

1. Эне-ата эшикти (ачып пергенде), ал чемоданын жерге таштап жиберди *(М. Г.)*.
2. Жапар жыйналыштан (чыга галганда), (чабарман гарыя) ага бир (кат перди) *(К. В.)*.
3. Чоң шашкеде үйүнөн (чыгып парып), бешимге жетпей эле (кайра гелди) *(К. К.)*.
4. (Мурдагы гүнү) Сейде тамеки сарайда иштеп, кайтып келе жатканда удаа эле артынан Мырзакул (жетип парды) (Ч. А.)
5. Жеңишбектин суроосуна (жооп полгон) жок. Мында тургандардын кээ бири (Жеңишбекке гарашып), кээлери чыгыштагы көлгө насостон (атылып парып) түшүп жаткан сууга караштъ.

| | |
|---|---|
| Үлгү: Эне-ата эшикти (ачып пергенде), ал чемоданын жерге таштап жиберди. | Эне-ата эшикти ачып бергенде, ал чемоданын жерге таштап жиберди. |

**129.** Ырды окугула. Жаттап алгыла.

ЖАҢЫ ЖЫЛ

Эшикте кыш,
Үй жылуу.
Эл тилегин көк теңир,

турбайбы, - деди Жапар аке шашкалактап. Жапар аке көчөнүн башынан беш үйдөн кийинки чатырлуу жапыз тамды көрсөттү.

- Мына ушул Алыкул Осмоновдун үйү, - деди Жапар аке үшкүрүнө, - Акыры таптык го...

*К. Жусупов*

## § 28. Үндүүлөрдүн таасири менен «к», «п» тыбыштарынын жумшак үнсүзгө өтүп айтылышы (Озвончение звуков «к» и «п» под воздействием гласных звуков)

**Бул тыбыштардын үндүүлөрдүн таасири менен жумшарып, «г», «б» тыбыштарына өтүп айтылышы төмөнкүдөй учурларда болот: башкы тыбышы үндүү менен келген мүчөлөр жалганса, сөз аягындагы «к», «п» тыбыштары жумшарып, «г», «б» тыбыштарына өтүп айтылат. Жазууда да булардын ушул өзгөргөн түрү сактала берет.**

**По правилам орфографии кыргызского языка конечные глухие согласные «п», «к» при сочетании с притяжательными окончаниями озвончаются, т.е. конечная «п» переходит в «б», глухая буква «к» — в звонкую «г».**

*Мисалы:* *(к-г)*

бак + ым = багым
жаак + ым = жаагым

*(к-г)*

жээк + ы = жээги
жук + уу = жугуу
тик + уу = тигүү
ак + ар = агар

*(п-б)*

сап +ын = сабын
топ + ым = тобум

*(п-б)*

кеп + и = кеби
чап + уу = чабуу
сеп + уу = себүү
жап + ыл = жабыл

**Башкы тыбышы үндүү менен келген бардык эле мүчөлөр жалганганда, сөздүн аягындагы «к», «п» тыбыштары жумшара бербейт. Буга төмөнкүдөй мисалдар далил боло алат.**

**Не всегда слова, оканчивающиеся на звуки «к», «п», при сочетании с окончаниями, начинающимися на согласные звуки, озвончаются.**



## § 27. Көнүгүү, машыгуу

**131.** Окуп, тилиңерди жатыктыргыла.

УЛУУЛАРДЫН САНАТЫ –
УРПАКТАРДЫН КАНАТЫ

...Буудайык кармап алганда
Тапка кирбейт дечи эле.
Тапка кирсе, буудайык,
Колго конбойт дечи эле.
Колго консо буудайык,
Туурга турбайт дечи эле,
Үндөккө келбейт дечи эле,
Үндөккө келсе буудайык,
Кармайм деген эменин,
Төш этине тойчу эле.
Табы катуу буудайык
Анан тапка кирет дечи эле...

*Молдо Кылыч*

**132.** Текстти которгула. Мазмунун түшүнүп, орус тилинде айтып бергиле.

Бир мергенчи аң уулап, калың токойго келсе, асманда бирдеме күрүлдөптүр. Караса, бүркүт баласына каман алдырып үйрөтүп жаткан экен. Бала бүркүт курчтук кылып бир каманга тырмак салганда, каман аны сүйрөй чуркады. Бала бүркүт жонунан тырмагын албай, бир жак колу менен жоон бакты мыкчыганда, каман аны экиге бөлүп кетти. Бала бүркүттүн бир колу бакты мыкчып, экинчи колу камандын жонунда калды. Бир маалда энеси келип алиги каманды көтөргөн бойдон кетти. Асманга ыраак алпарып, бир чоң ташка мээлеп таштап жиберди. Камандын күм-жам болушун карап туруп, өзү кайра көтөрүлдү. Аңгыча муштумдай болуп түйүлүп келип, өзүн-өзү жанагы ташка бир коюп, баласы менен кошо өлдү дейт.

*А. Осмонов*

- *бирдеме күрүлдөптүр* - что-то зашумело
- *каман алдырып* - охотиться на кабана
- *курчтук кылып* - погорячившись, переоценив себя
- *каманга тырмак салганда* - вонзив свои когти в кабана
- *жонунан тырмагын албай* - не вынимая когтей из его спины
- *жоон бакты мыкчыганда* - вцепившись в толстый сук *көтөргөн бойдон кетет* - схватив, взмыл вверх
- *мээлеп таштап жиберет* - прицелившись, бросил
- *муштумдай болуп - здесь:* сложив крылья

? 1.Асманда күрүлдөгөн эмне эле?
2. Бүркүт баласына эмнени үйрөттү?
3. Бала бүркүт кандай кемчилик кетирди?
4. Эне бүркүт кантип өч алды?
5. Эмне үчүн эне бүркүт өзүн-өзү ташка урду?

Легендага ат койгула. Бүркүт жөнүндө дагы кандай легендаларды билесиңер?

**133.** Ырдын мазмунун сөздүктүн жардамы менен түшүнгүлө.

## КЕЧИР, ЭЛИМ!

Чаян дагы өзүн чагып өлтүрөт,
Бүркүт урат өзүн бийик аскага.
Мен да ушундай бүркүт элем жалганбы,
Баш ийбеген, багынбаган башкага!

Ишен, элим, мен да ошол бүркүттөй
Эң акыркы минутада өзүмдү
Даяр элем канат жайып түпкүргө
Таштоо үчүн ирмебестен көзүмдү.

Кандай кылам? Пистолетим-курдашым
Керек кезде соңку сөздөн баш тартты.
Колдорума кишен салып душмандар
Зордук деген, кордук деген жүктү артты.

*Муса Жалил*

*чаян* - скорпион
*чагып өлтүрөт* - убьет, укусив
*баш ийбеген, багынбаган* - непокорный, непреклонный
*түпкүргө таштоо үчүн* - броситься в пропасть
*ирмебестен көзүмдү* - не моргнув глазом
*соңку сөздөн баш тартты - здесь:* подвел в последнюю минуту

1. Эмне үчүн Муса Жалил өзүн бүркүткө теңеп жатат?
2. Анын арманын кандай түшүндүңөр?

! **Билип алгыла!**

## КУШТАРДЫН БӨЛҮНҮШҮ

Ителгиден шумкар жана барчын деген чыгат.
Куштан - туйгун, тунжур, тынар.
Ылаачындан - куу кумпай.
Бүркүттөн - буудайык.
Күйкөдөн - такалак ж. б.



Кыргызские охотники различают шесть видов кречетов:
1) байпактуу шумкар;
2) күйкө шумкар (считается наиболее ценным);
3) катуу бүркөр;
4) кара шумкар;
5) ак шумкар;
6) ителги.

Салт боюнча тогуз алгыр куш тартуу бергенде, башында күйкө шумкар турган. (В старом быту, когда дарили девятку ловчих птиц, то возглавлял эту девятку күйкө шумкар). Учканы соккон шамалдай шумкардын жери Алатоо. (Обиталище быстрокрылых кречетов - Алатоо).

Жаман кушту жакшы бакса, шумкар болот. (Если плохую ловчую птицу хорошо воспитывать, она станет кречетом). Туягы бүтүн тулпар жок, канаты бүтүн шумкар жок. (Нет скакуна с целыми (не отбитыми) копытами, нет кречета с целыми (без всяких повреждений) крыльями). Ак шумкары башкача - канаттуунун учкулу. (Белый кречет - особый, самый быстролетный среди птиц).

*К. К. Юдахин*

**134.** Төмөнкү сөздөрдүн уңгусун тапкыла:

а)

| | |
|---|---|
| бүркүт | бүркүтчөн |
| бүркүтчү | бүркүтчө |
| бүркүттүн | бүркүттөй |
| бүркүттүү | бүркүтчүнү |

б) **бүркүт, бүркүтчү** деген зат атооч сөздөрдү жөндөгүлө жана жактагыла.

**135.** Жагдайды ролдоштуруп окугула. Автордун чыгармаларынын бирин аңгемелеп бергиле.

- Андан бери жыйырмадан ашык жыл өттү. Аны бузушкандыр.
- Өзгөрүп кетти шаар, - деди Жапар аке, - болжолдоп барсак табарбыз...
- Анда Тимирязев көчөсү делчү беле?! Унуттум.
- Жүрү, - деди Жапар аке, - анда темир жолду бойлойлу. Жаш Гвардия көчөсү жактан келели.
- Буюрса таптык. Биз келген Сокулук көчөсү болуп чыкты.
- Ушу көчө. Тигине темир жол. Башкача наам беришкен

Берип салды карацыз.
Чилде түшүп, кар түшпөй
Кыштын күнү жамгыр жаап,
Туруп алган кантебиз.
Жаңы жылга камынып,
Карды жасап кебезден,
Калган кезде шашылып,
Бир сонун кар жаады дейсиң...

*Ч. Үңүрова*

Кыш мезгилине диалог түзгүлө.

*Пайдаланылуучу сөздөр:*

бороон-чапкын, бурганак, шамал, нымдуулук, алай-дүлөй, тайгак, мөндүр, градус, чагылган, басым, жаан, ысык, кургакчылык, бубак, кыроо, нөшөр, суук, аяз, булут, жаан-чачын, аба ырайын маалымдоо, кар, кар жааш, кар түшүү, температура, туман, булут, кара булут, кара бороон, нымдуу, ысык, салкын, күнөстүү, жылуу, суук.

**130.** Текстти окуп, кыш мезгилин сүрөттөп бергиле.

## КЫШ МЕЗГИЛИ

Ой-тоону чулгап кар жатты. Асман тунарып, тоо башынан уюлгуп борошо учат. Бүркөчүдөй самсаалап, Бишкектин үстүн сур булут каптайт.

Суукка каткан теректин бутактары көрксүз дирилдешет. Жайдын учурундай бак-дарактын бутагында сайран куруп жүрүшкөн келгин куштар жок. Алардын ордуна ар кайсы бутакта канаттарын далдайтып, алакаргалар отурушат. Бактар бубак оронот.

Бишкектин көчөлөрүндө кыймыл күч. Жеңил машиналар зырылдап, автобустар күркүрөп, көчө-көчөдө каршы-терши өтүшөт. Мектепке ашыккан балдар, кызматка ашыккан кызматкерлер.

*Т. Сыдыкбеков*

- *ой тоону чулгап* - окутав долины и горы
*сур булут каптайт* - затягивается серыми тучами
*бүркөчүдөй самсаалайт* - становится пасмурным
*суукка каткан* – замерзшие
*көрксүз дирилдешет* - безжизненно колышется
*бубак оронот* - покрывается инеем



*Мисалы:*

бек + ы = беки     шын + ылда = шыпылда
кек + ен = кекен     топ + ылда = топулда
бак + ылда = бакылда     дүп + ылда = дүпүлдө

| | |
|---|---|
| **Оозеки кенте бири-бирине катар колдонулган эки сөздүн аралыгында да «к», «п» тыбыштары үндүүлөрдүн таасири менен өзгөрүп, «г», «б» тыбыштарына өтүп айтылат.** **Бирок «к», «п» тыбыштарынын мындай жумшарып айтылышы жазууда берилбейт.** | **В устной речи звуки «к», «п» под влиянием гласных звуков подвергаются озвончению, но в письме это не обозначается.** |

| *Мисалы:* *Айтылышы:* | *Жазылышы:* |
|---|---|
| агала | ак ала |
| жогеле | жок эле |
| турагүй | турак үй |
| алагел | ала кел |
| барагой | бара кой |
| таабайт | таап айт |
| көбеле | көп эле |
| тобойно | топ ойно |
| сатыбал | сатып ал |
| кебук | кеп ук |
| чөбүймөк | чөп үймөк |

**136.** Төмөнкү сөздөргө аягындагы **к, п** тыбыштарын өзгөртүп, жумшак үнсүздөргө өткөрө турган мүчөлөрдү жалгагыла.

Арык, бийик, табак, түнөк, көнүк, кызык, ысык, уук, суук, ээк, жээк, шоок, көк, ук, тап, теп, көп, түп, чөп, жооп, мектеп, тарап, аспап, талап, айып, кеп.

Үлгү: арык + ым = арыгым
бийик + гы = бийиги

**137. к, п** тыбыштарынын эки сөз аралыгында **г, б** болуп жумшарып айтылышына далил болчу 6 сүйлөм түзгүлө. Ал сүйлөмүңөрдө өзгөрүүгө учураган сөздөрдү айтылышы жана жазылышы боюнча жазып көрсөткүлө.

*начар билем*
*такыр билбейм*
- Бул кыргызча кандай аталат?
- Бул сөз эмнени түшүндүрөт?
- Бул ... кандай которулат?
*сөз*
*сүйлөм*
- Бул айтылышты которуңузчу?
- Бул сөз кандай айтылат?
- Бул сөздү мен туура айттымбы?
- Сиздерде ... жокпу?
*кыргыз тилинин сөздүгү*
*орусча-кыргызча сөздүк*
*синонимдер сөздүгү*
*диалектологиялык сөздүк*
- Сөздүгүңүздү мага бере турсаңыз.
- Мен орус тилин өз алдынча үйрөнүп жүрөм.
- Сен мага түшүндүңбү?
- Мен сөзүнө түшүнөм, бирок сүйлөө кыйыныраак экен.
- Сиз ... сүйлөсөңүз.
*жайыраак*
*катуураак*
*түшүнүктүүрөөк*
- Кайталап койсоңуз.
- ... туура эмес айтып атасыз.
*айрым бир сөздөрдү*
*айрым бир сүйлөмдөрдү*
- Басымды туура эмес коюп сүйлөдүңүз.

## § 26. Эки сөз аралыгында үнсүздөрдүн жумшарып айтылышы (Озвончение)

| | |
|---|---|
| **Эки сөз аралыгында жумшак үнсүздөрдүн жана үндүүлөрдүн таасиринде каткалаң үнсүздөрдүн жумшарып айтылышын *жумшаруу* дейбиз.** | **Глухой согласный может заменяться парным звонким перед звонким согласным и гласным. Этот фонетический процесс называется *озвончением*.** |



түзүп, алардын жумшарып, өзгөрүп айтылышын айтып бергиле **(ак, бак, жук, көк, жап, мектеп, китеп, топ, сап).**

*Үлгү:* Кара кыздын **агынан** эмес, **багынан** *(макал)*.

**140.** Текстти окуп, аягы **к, п** тыбыштары менен бүткөн сөздөрдү терип алып, аларга үндүүлөр менен башталган мүчөлөрдү улап, айтылышын жана жазылышын байкагыла.

Багдад шаарында Синдбад деген бир кедей болгон экен. Бир күнү ал оор жүк көтөрүп келе жатып, бир соодагердин дарбазасынын жанына келип эс алды.

Короонун ичинде адамдын сугу түшкөндөй бак бар экен. Анын көлөкөсүндө дасторкон жайылып, нечен түрдүү тамак турат. Аңгыча короонун ичинен бир бала чыкты да, анын колун кармап:

- Сизди үйгө кирсин деп жатат, - деди.

Баланы ээрчип кирди да, отургандарга салам айтты. Үй ээси жаңы конокко тамак алдырып келди. Конок тойгончо жеп, колун жууган соң, үй ээси:

- Атың ким? Эмне кесип кыласың? - деп сурады.

- Атым Синдбад. Кесибим - керек деген кишинин оор жүгүн айткан жерине жеткирип берүү. Багдаддагы сандаган кедейдин биримин, - деди.

*"Ай-Данек" гезити*

**! Тамашаны окуп кой.**

### АТА МЕНЕН БАЛА

Гавроволук ата кичинекей уулу менен эжесиникине конокко келишет. Үй ээси тигинин баласына мындай дейт:

- Кел, колуңду тос, жаңгак салып берейин.

- Мага эмес, атамдын колуна салып бериңиз, - дейт бала.

- А эмне, сен жаңгакты жаман көрөсүңбү? - эжеси таң калат.

- Жок, мен жаңгакты абдан жакшы көрөмүн, бирок атамдын колу чоң эмеспи, - дейт тапан.

## § 25. Текст менен иштөө

124. Ырды көркөм окугула. Жаттап алгыла.

### ТООДОГУ СЫР

Таң алдында таттуу соккон тоо жели,
Жаш кыялды терметишет мендеги,
Тоо кыздары гүлдөр терип ойношуп,
Күлүп кана сырга канат желдеги!..

Тоодон түшкөн тунук суунун күүлөрү,
Болгондорду жомок кылып айтышат,
Тыңшап аны эркин тоонун кыздары,
Ойлоп-ойлоп терең сырын табышат.

Эркин тоонун, эркин эрке кыздары,
Келгилечи көңүлдү биз ачалык,
Өзгөрүштүн өчпөй турган чырагын,
Күн чыгыштын тоолоруна асалык!

Ж. Турусбеков

**125.** Текстти окуп, түшүнгөнүңөрдү орус тилинде айтып бергиле. Жалпы жана энчилүү зат атоочторду көчүрүп жазгыла. Алардын кайсы санда турганын аныктагыла.

### ТОО

Бийиктиги бир нече километр келген тоолор бар. Мындай тоолордун чокусунда эч качан эрибеген ак кар, көк муз жатат. Муну мөңгү дейбиз. Бийик чокулуу тоолор биздин Кыргызстанда көп.

Биздин Алатоо, Тяньшань жана Алай тоолоруна далай экспедиция барып, картага түшпөгөн чокуларын текшеришти. Кыргызстандын тоолору өтө бай. Бул тоолордон түрдүү кендер: алтын, күмүш, коргошун жана башка сейрек учурай турган кымбат баалуу металлдар, таш көмүр, нефть жана башкалар чыгат.

Кыргызстандын тоолору токойго да бай келет. Эгерде Тяньшань (Алатоо) жалбырактуу дарактарга гана эмес, карагайга да бай болсо, түштүктө Каралма, Бозоңжолборс жана башкаларда алма, алча, жаңгак аралаш токойлор көп.

Бул өңдүү токойлуу жерлерге жайдын күнү малчылар жайлоого чыгып мал багышат. Кээде кыштап да калышат.



1. Бишкек деген ким болгон?
2. Ал балдарына кандай керээз айткан?
3. Атанын керээзин балдары аткардыбы?
4. Соодагерлер ал жерге эмне салышкан?
5. Кыргызстандын борбору эмне үчүн Бишкек деп аталып калган?

**143.** Төмөнкү сөз жасоочу мүчөлөрдү колдонуп сын атооч сөздөрдү жасагыла жана ошол сөздөрдөн сүйлөм түзгүлө **(-луу, -сыз, -чыл, -дай, -лаш, -чаак)**.

Үлгү: Тоо + луу = тоолуу. Кыргызстан - тоолуу өлкө. Атак + луу = атактуу. Ч. Айтматов - атактуу жазуучуларыбыздын бири.

**144.** Берилген сын атооч сөздөрдөн анын салыштырма жана күчөтмө даражасын жасагыла **(эрки күчтүү, эр жүрөк, балбан, баатыр, кара, чоң, тынымсыз).**

Үлгү: эрки күчтүү + раак = эрки күчтүүрөөк
эрки күпкүчтүү, эрки өтө күчтүү

**145.** Сүйлөмдөгү сын атооч сөздөргө морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

...Мен силерди *ак карлуу* Алатоосу бар, тоо боорунда *калың* токой-чери бар, *көз жашындай мөлтүр* Ысыккөлү бар жерге алпарам *(Ч. А.)*.

Үлгү: 1. **Ак карлуу** (Алатоосу) - сын атооч: заттын түсүн билдирди.

Кандай Алатоосу бар?
Ак карлуу Алатоосу бар.
2. Баштапкы формасы **- ак**; ак кар+ -луу - татаал, туунду сапаттык сын.
3. Ак карлуу - белоснежные.

**146.** Текстти окугула. Түшүнгөнүңөрдү орус тилинде айтып бергиле.

Педагог Шамша Беркимбаева,
Бир курдай чалдыгып сасык тумоого.
Телевизор алдында күн кечкиртти,
Ал аны "түстүү ящик" деп түшүнчү.
Реклама көрсөттү:
Жалгыз сагыз жөнүндө,

**121.** Үлгүгө карап иштегиле.

морская вода –
бессердечный –
отдай письмо –
несолёный –
ответь –
найди и отдай –
сильный –
сто сом –
по-нашему –

Үлгү: бездельник - бекерпос - бекерпоз.

**122.** Текстти окуп, бир сөз ичинде үнсүздөрдүн өзгөртүлүп айтылышын байкагыла.

## КЫРГЫЗ ЖУРТУН ТААНЫТКАН АДАМ

СССР Эл артиси, Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты Муратбек Рыскулов 1909-жылы 23-ноябрда Жумгал районундагы Кайырма кыштагында туулган.

Анын театр искусствосуна болгон жөндөмдүүлүгү көрүнө баштайт. Бара-бара ал кайсы гана ролдо болбосун табигый таланты менен сахналык чеберчилигин өөрчүттү.

Ал бир катар монументалдуу драмалык чыгармалардын каармандарынын (У. Шекспирдин «Отеллосунан» Отеллонун, «Король Лиринен» король Лирдин, М. Горькийдин «Егор Булычев жана башкаларындагы» Егор Булычевдин, Б. Жакиевдин «Атанын тагдырынан» Акылбектин) образдарын түзгөн. Лондондо өткөрүлгөн У. Шекспирдин 400 жылдык юбилейинде М. Рыскулов король Лирдин монологу менен чет мамлекеттик көрүүчүлөрдү таң калтырган. Таланттуу актер тарабынан түзүлгөн Лирдин образы психологиялык чындыгы жагынан татыктуу орунду ээлеген.

1967-жылы Муратбек Рыскуловго «Король Лир» спектаклинде Лирдин жана «Атанын тагдыры» спектаклинде Акылбектин ролдорун мыкты аткаргандыгы үчүн Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты деген наам берилген.

М. Рыскуловду дүйнө жүзүнө тааныткан жеке гана драматургия эмес, кино экраны да болду. Ал «Бакайдын жайыты» ж.



I

*Текшерүү иши (жазуу).*

1. "Кыргызстан - эгемендүү өлкө" деген темада аңгеме түзгүлө.
2. Берилген текстти кыргыз тилине которгула.
3. Кыргыз тилинин үндөштүк закондору жөнүндө түшүнүк бергиле. Бир сөз ичинде үндүүлөрдүн үндөшүүлөрү: өтүк + чү, жылкы + чы, кой + чу.

II

1. Өзүңөр жашаган жердин тарыхы боюнча аңгеме түзгүлө.
2. "Манастын" жети осуятынын бирин чечмелеп бергиле.
3. Берилген сөздөрдүн жазылышын жана айтылышын ажыраткыла: кара ала, карала; сары улак, сарулак; ала кач, алагач; кара куш, карагуш ж. б.

III

1. Улуттук каада-салттар тууралуу (бешик той, ат чабыш, ордо ж. б.) аңгемелеп бергиле.
2. Берилген текстти көркөм окуп, түшүнүгүңөрдү айтып бергиле.
3. Кулактандыруу жазгыла. Канча түрүн билесиңер? Мисалдар менен далилдегиле.

IV (оозеки)

1. Өзүң сүйгөн шаарың жөнүндө аңгемелеп бер.
2. Жаттаган ырыңды көркөм окуп, мазмунун түшүндүр.
3. Көркөм стиль менен публицистикалык стилдин айырмасын мисалдар менен далилде.

V

1. Мен келечекте ким болгум келет? Аңгемелеп бер.
2. Жаңылмач билесиңби? Айтып бер.
3. 1-суроодогу бир сүйлөмгө фонетикалык талдоо жүргүз.

*Текшерүү диктанты (үлгү).*

## АРЧА

Алгачкы отургузулган арчалардын өсүүсү бир нече жылдар бою жай болуп, анан ылдамдай баштайт. 50-60 жылдын ичинде 30-40 метрге жетип, 250-300 жылга чейин жашоосун улантат.

Кургакты сезгич келип, нымдуулукту көтөрө албайт. Арча карагайларынын сегиз түрү аныкталган. Арчалар Украина, Белоруссия, Латвия, Литва, Эстония, Грузия, Казакстан жана Кыргызстандын токойлорунун көпчүлүк аянтын ээлейт. Ал эми

*куркулдай* – ремез (птица)
*жекен* - рогоз (болотное растение)

? Текстке суроо бергиле.

**116.** Сүйлөмдү көчүрүп алгыла. Көп чекиттин ордуна маанисине карата сөздөрдү жазгыла.

1. Жаратылышта куштарды эң ... деп эсептесе болот.
2. Кээ бир уялар ... илинип турат.
3. Көкчымчык өзүнүн уясын ... жасайт.
4. Камышчынын уясы ... сабагында илинип турат.
5. Канаттуулар уя салууда ар түрдүү ...ды колдонушат.
6. Уяны эркеги жана ... биргелешип жасашат.

*Пайдаланылуучу сөздөр:* чебер, суунун үстүнө, баштык түрүндө, камыштын, аспаптар, ургаачы.

**117.** Төмөнкү сөздөрдү орус тилинен кыргыз тилине которуп, **- лар** мүчөсүн улагыла.

Птица, гнездо, инструмент, самка, конопля, озеро, волокно, ствол, крапива, тополь, клюв, крыло, дом, берег, растение, дятел.

**«Куруучулар»** деген темада ангеме жазгыла. Дагы кандай (кайсы) куруучуларды билесиңер?

**118.** Ырды жаттагыла.

ЖАШ КУРУЛУШЧУЛАР ЫРЫ

Төрт дубалдын үстүн жаап,
Коюп эшик-терезе,
Ичи-тышын сулуулап,
Үй жасайлы эмесе.
Каалгага бет маңдай
Мекен турсун жайнаган.
Терезеде кол турсун
Желкайыгын айдаган.

Ошол үйгө киргендин
Куту болсун жүрөктө.
Ошол үйдөн чыккандын
Күчү болсун билекте.

Шамал-селден үйүбүз
Кыймылдабас жасайлы.
Ырк бузушуп чырдашпай
Ынтымактуу жашайлы.

*Ж. Мамытов*



чыгармаларынын тилине айланды.
2. ... биздин элде ондогон, ал турсун жүздөгөн улуу манасчылар, жомокчулар, ырчылар болушкан *(Ас. Т.)*.
3. Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт *(макал)*.

**б)** Текстти которуп, цифраларды жазуу түрүндө жазгыла.

Исманкулов Алмазбек Осмоналиевич - врач-офтальмолог. Родился 13 января 1963 года в г. Бишкек. В 1976 году закончил детскую музыкальную школу им. П. Ф. Шубина по классу - классическая гитара. В 1980 году закончил среднюю школу № 6 г. Бишкек. В 1986 году с отличием закончил лечебный факультет Кыргызского государственного медицинского института. С 1986 по 1988 г. учился в клинической ординатуре по глазным болезням.

В 1988-89 годах работал окулистом Центральной районной больницы г. Гагарин Смоленской области, а затем заведующим отделением "Микрохирургия глаза" городской клинической больницы № 1 г. Смоленск.

С 1989 по 1991 год учился в очной аспирантуре межотраслевого научно-технического комплекса "Микрохирургия глаза", где в 1991 году, под руководством академика С. Н. Федорова, успешно защитил кандидатскую диссертацию.

С 1991 по 1993 г. работал офтальмологом в Королевском научном институте офтальмологии в г. Лондон. В 1993 году организовал в г. Бишкек госпиталь "Микрохирургии глаза", который и возглавляет в настоящее время.

Научные изобретения доктора А. Исманкулова в области новых методов диагностики и лечения заболеваний органов зрения запатентованы в Кыргызской Республике, Российской Федерации и США.

**150** Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн башатындагылар тууралуу аңгеме түзгүлө (А. Садыков, Ж. Абдрахманов, И. Айдарбеков, К. Тыныстанов, Б. Исакеев ж. б.).

**151.** Эгер саякатка баргың келсе...

Токмоктун түштүк-батышында, Кыргыз Алатоосунун чыгыш бөлүгүндө Кегети капчыгайы жайгашкан. Ага баруу үчүн Токмок-Доңарык-Ивановка автомобиль жолу менен келип, 20-километрден солго бурулуу керек. Коолдугу жагынан бул капчыгай Шамшы капчыгайынан кем калбайт.